**УДК: 378.091.37.018/37.015**

# КЛАСС ЖЕТЕКЧИ – УЮШТУРУУЧУ ЖАНА ТАРБИЯЧЫ

**Айтибаева Алия Айтибаевна,**
**№63 Орунбай Курбанбаев атында орто мектебинин директору,**
**Ош МПУнун аспиранты, ishak16112016@gmail.com**
**Акматов Кыялбек Камытович,**
**педагогика илиминин доктору, доцент,**
**Түркиянын “Кыргызстан Маариф” фондунун өкүлү,**
**E-mail: kgzakmatov@gmail.com**

***Аннотация.*** *Макалада мектеп турмушундагы класс жетекчинин ролу жана милдеттери терең талдоого алынып, мектептеги тарбия ишинде класс жетекчисинин мааниси зор экендиги белгиленди. Класс жетекчи – бул балдар үчүн билим берүүчү гана эмес, насаатчы, уюштуруучу жана тарбиячы катары да маанилүү функцияларды аткарат. Анын негизги милдеттери- окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу, социалдык жана психологиялык жактан өнүктүрүү, тартипти чыңдоо, ар бир окуучунун жакындан таануу жана класс коллективинин ынтымактуулугун камсыздоо болуп саналат. Класс жетекчинин элдик педагогикага таянып тарбия иштерин жүргүзүү жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иштөө керектиги көрсөтүлдү. Анын өз квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатышы жана заманбап билим берүү талаптарына ылайык иш алып баруусу маанилүү экени айтылды. Мектептеги тарбия ишинин натыйжалуу болушу үчүн ата-энелер, мугалимдер жана коомчулук арасындагы биримдиктин мааниси чоң. Мектептеги окуу –тарбия ишин жүргүзүүдө мектеп жетекчилиги, предметтик мугалимдер, ата-энелер, психологдор менен класс бетекчинин тыгыз иш алып баруусу керектиги белгиленди. Класс менен, ар бир окуучу менен жакындан сүйлөшүп, тынымсыз иш баруу жагы каралды. Бул макаланы мектеп мугалимдер, студенттер пайдаланса болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *мугалим, окуучулар, класс жетекчи, ата- эне, мектеп, окуу, тарбия, предмет ж.б.*

## КЛАССНЫЙ РУКОВОДИТЕЛЬ – ОРГАНИЗАТОР И ВОСПИТАТЕЛЬ

***Аннотация.*** *В статье дается глубокий анализ роли и обязанностей классного руководителя в жизни школы, отмечается большое значение классного руководителя в воспитательной работе в школе. Классный руководитель не только обеспечивает образование детей, но и выполняет важные функции наставника, организатора и воспитателя. Его основными задачами являются повышение уровня образования учащихся, их социально-психологическое развитие, укрепление дисциплины, лучшее знакомство с каждым учеником, обеспечение сплоченности класса. Подчеркивалось, что классный руководитель должен вести воспитательную работу на основе народной педагогики и работать в тесном контакте с родителями. Было отмечено, что для него важно постоянно повышать свою квалификацию и работать в соответствии с современными образовательными требованиями. Единство родителей, учителей и общественности имеет большое значение для эффективности воспитательной работы в школе. Было отмечено, что при проведении воспитательных мероприятий в школе администрация школы, учителя-предметники, родители, психологи, классные руководители должны тесно сотрудничать. Основное внимание уделялось тесному общению с классом и каждым учеником, а также непрерывной работе. Данная статья может быть использована школьными учителями и учащимися.*

***Ключевые слова****: учитель, ученики, классный руководитель, родители, школа, образование, воспитание, предмет и т.д.*

## CLASS LEADER – ORGANIZER AND EDUCATOR

***Abstract.*** *The article provides an in-depth analysis of the role and responsibilities of the class teacher in the life of the school, noting the great importance of the class teacher in*

*educational work at school. The class teacher not only ensures the education of children, but also performs important functions of a mentor, organizer and educator. His main tasks are to improve the level of education of students, their socio-psychological development, strengthen discipline, get to know each student better, and ensure class cohesion. It was emphasized that the class teacher should conduct educational work on the basis of folk pedagogy and work closely with parents. It was noted that it is important for him to constantly improve his skills and work in accordance with modern educational requirements. The unity of parents, teachers and the community is of great importance for the effectiveness of educational work at school. It was noted that when conducting educational activities at school, the school administration, subject teachers, parents, psychologists, and class teachers should closely cooperate. The main attention was paid to close communication with the class and each student, as well as continuous work. This article can be used by school teachers and students.*

***Keywords:*** *teacher, students, class teacher, parents, school, education, upbringing, subject, etc.*

Мектеп бул жөн гана сабак өтүүчү, түрдүү предметтер окулуучу жай эмес. Бул балдар билим алуучу, инсан катары калыптануу үчүн бүтүндөй дүйнө. Мектеп - бул жөн гана класстар, мугалимдер жана окуу китептери бар имарат эмес. Бул баланын өнүгүшүнө, анын башкалар менен болгон мамилесине жана дүйнөнү кабылдоосуна таасир этүүчү социалдык мейкиндик. Окуучулардын, мугалимдердин жана ата-энелердин ортосундагы социалдык мамилелер ар бир окуучунун жашоосунда маанилүү роль ойнойт. Мектепте командада иштөө, жоопкерчиликтүү болуу, башкалардын пикирин урматтоо сыяктуу жеке сапаттар өсөт, балдар баарлашуу эрежелерин үйрөнүшөт, башкаларга кантип мамилелешүүнү жана жалпы процесстин бир бөлүгү болуу керектигин түшүнө башташат. Демек, мектепте ушундай иштерди: окуучулардын ар тараптан тарбияланоуусунда негизги ишти аркалаган бул- класс жетекчи. Биз бул макалада класс жетекчинин уюштуруучулук милдеттерин жана тарбиялык иштерин талдоого алабыз.

Жетекчи- бул башкаруучу, башчылык кылуучу, жетекчилик кылуучу, жол көрсөтүүчү деген маанири туюнтат.[1,504]

Класс жетекчи деген ким? Башталгыч класстардын мугалимдери өзү окуткан класстын балдарындагы тарбия иштерди алып барат. V класстан баштап ар бир класска сабак окуткан мугалимдердин бирин класс жетекчилик кызматка дайындайт. Класс жетекчилери атайын орто окуу жайларында да группанын окуучулары арасында тийиштүү тарбиялык иш жүргүзүшөт. [2]

Класс жетекчи тууралуу жалпы жоболор:

1.1. Класс жетекчи өз ишмердүүлүгүндө КРдин «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин Декларациясын, Балдар укугу жөнүндө Конвенцияны, мектептин уставын жетекчиликке алат.

1.2. Класс жетекчи кызматына мектептин директору тарабынан дайындалат жана бошотулат. Өргүү мезгилинде жана убактылуу жетиш жумушка жарамсыздык мезгилинде класс жетекчинин милдеттери өзүнүн классы жок жана ошол класста иштеп жаткан мугалимге жүктөлүшү мүмкүн.

1.3. Класс жетекчи педагогикалык билимге жана балдар менен иштөө боюнча 3 жылдан кем эмес стажга ээ болууга тийиш [3, 38].

Билим берүүдө, мектепте  класс жетекчиси бул жөн гана сабак өтүүчү жана окуучулардын билимин баалоочу мугалим эмес. Бул насаатчы, уюштуруучу, тарбиячы жана мектеп окуучуларынын жашоосунда маанилүү роль ойногон адам. Окуучулардын тартиби, өзүн жакшы алып жүрүүсү, бири- бири менен ынтымактуулугун камсыз кылуучу жоопкер. Күндөн- күнгө класс жетекчинин иши  татаалдашып бараткансыйт. Анткени ааламдашуу доорунда заманбап технология, уюлдук телефон менен жашап жаткан окуучулардын жүрүш-турушу өзгөрүүдө. Класс жетекчи элдик педагогика менен тарбиялоо жагын эске алуу менен тарбия ишин жүргүзсө натыйжалуу болот Анткени биздин элдик педагогикада балдарды тарбиялоо – муундан-муунга өтүп келе жаткан кылымдык тажрыйбага, салттарга

негизделген өзгөчө система. Бул система гармониялуу инсанды калыптандырууга, балдарды улууларды урматтоого, өз жерин сүйүүгө, маданиятты, улуттук баалуулуктарды сыйлоого тарбиялоого багытталган. Анда элдин табиятына, турмушуна, дүйнө таанымына негизделген, философиялык жана практикалык терең мааниге ээ болгон түрдүү ыкмалар колдонулат. Балдар кичинесинен эле элдик үрп-адаттарды, анын ичинде салттуу майрамдарды, үй-бүлөлүк жана коомдук ырым-жырымдарды жакшы билишет. Бул үрп-адаттар баланы социалдаштыруунун маанилүү каражаты болуп саналат, алар анын белгилүү бир маданиятка жана коомго таандык экендигин түшүнүүгө жардам берет. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдар үчүн маанилүү насаатчы болгон үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрүнө, өзгөчө чоң ата, чоң энеге чоң орун берилген. Элдик педагогикада улууну урматтоого, баалоого, каада-салтты урматтоого, акылмандыкка балдарды жаштайынан үйрөтөт. Аксакалдар элдик тажрыйбаларды, нарк- насилдерди, тарбияны өткөрүп гана тим болбостон, үлгү болуп келишет. Баланын адеп-ахлактык негиздерин калыптандырууда ата-энелер, өзгөчө энелер негизги ролду ойношот. Ошондуктан класс жетекчинин негизги милдеттеринин бири ата-энелер менен бирге иш баруусу маанилүү. Мектеп класс мугалими, үйдө ата- эне куштун эки канатындай чогуу иш алып барганда гана бүгүнкү муундун тарбиясын жакшыртып, өнүктүрө алабыз. Анткени кайсы гана класста болбосун мугалимдер, окуучулар коллективи, ата-энелер жана коомчулук тарабынан окуучуга коюлган талаптар жана тарбиялык иштер бирдиктүү болмоюнча ошол класстагы окуучулардын тарбия иши натыйжалуу болбой тургандыгын ар бир класс жетекчи эсинен чыгарууга тийиш эмес. Кайсы гана класста болбосун мугалимдер, окуучулар коллективи, ата-энелер жана коомчулук тарабынан окуучуга коюлган талаптар жана тарбиялык иштер бирдиктүү болмоюнча ошол класстагы окуу-тарбия иши натыйжалуу болбой тургандыгын ар бир класс жетекчи эсинен чыгарууга тийиш эмес.

Класс жетекчинин иш багыты төмөндөгү негизги милдеттин айланасында болууга тийиш:

1. Класс жетекчисинин өзүнүн классындагы окуучуларды ар тараптан үйрөнүүсү.
2. Окуучуларды ынтымактуу жана белгилүү максатты көздөгөн коллективге уюштуруу жана тарбиялоо.
3. Класстагы окуучулардын бардык сабактарды өздөштүрүүсүнө жетишүү жана тартипти чыңдоо боюнча иш чараларды жүргүзүү. Мында «Окуучулар үчүн эреженин» ар бир пунктунун аткарылышына жетишүү класс жетекчисинин башкы милдети болууга тийиш.
4. Балдар өспүрүмдөр уюмдарынын ишине дайыма жардам көрсөтүү.
5. Окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди уюштуруу жана ага жетекчилик кылуу, алар менен коомдук пайдалуу иштерди уюштуруу, окуучуларды эмгекке тарбиялоо.
6. Окуучулардын ата-энелери, коомчулук менен иш жүргүзүү.
7. Класс жетекчинин ишин натыйжалуу пландаштыруу, тарбия иштеринин учету.
8. Класс жетекчинин өздүк квалификациясын жогорулатуу иштери жана башкалар.

Класс жетекчи жогорудагы милдеттерди комплекстүү түрдө ишке ашырганда гана анын жүргүзгөн тарбиялык иши эффективдүү болот. Комплекстүү тарбия окуучуларды ар тараптан тарбиялоону жүзөгө ашырат.

Мектепте тарбия ишин жогорулатууда, үй-бүлө, мектеп жана коомчулуктун биримдигине жетишүүдө класс жетекчинин ролу эбегейсиз зор жана ага коюлуучу талап күн санап өсө берет. Ошондуктан мектеп директору жана анын орун басарлары класс жетекчинин ишине олуттуу маани берип, алардын натыйжалуу иштеши үчүн зарыл шарттарды түзүп, колдоого алууга милдеттүү. Мында директордун класстан жана мектептен тышкаркы тарбия иштерин уюштуруучу орун басарына өзгөчө жоопкерчилик жүктөлөт. Класс жетекчинин саясий-идеялык жана маданий жактан өсүшүнө кам көрүү, өзүнүн тарбиялануучулары, алардын ата-энелери жана тарбия ишине байланыштуулардын бардыгы менен иш алып баруу үчүн, алар менен дайыма педагогикалык байланыш жасап, тиешелүү пикир алышы үчүн ар тараптан көмөк берүү керек.

Класс жетекчи өзүнүн квалификациясын дайыма жана системалуу түрдө жогорулатып турбаса, анда ал өз ишинде олуттуу ийгиликтерге жетише албайт. Анын тарбиялык иши

канчалык көп болсо да, ал иштер класс жетекчинин квалификациясын жогорулатууда тоскоол кылуучу себеп болууга тийиш эмес. Квалификацияны тынымсыз жогорулатуунун формалы көп. Мына ошондуктан класс жетекчи ар дайым өз дынча иштеп, педагогикалык илимдердин өнүгүшүн тынымсыз байкап турууга, өлкөдөгү жана эл аралык окуяларды билип турууга, күндөлүк адабияттарды, гезит- журналдарды окуп, өз ишинде тарбиялоонун жаңы формалары менен методдорун изденүүгө жана колдонууга тийиш. Антпесе класс жетекчи ааламдашуу доорунда өнүгүп жаткан турмуштан артта калат жана ага тапшырылган ардактуу милдетти- балдарды тарбиялоо милдетин жакшы аткара албай калат.

«Жалкоолукка, ишсиздикке, шалаакылыкка, убакытты куру бекер өткөрүүчүлүккө, ысырапчылыкка жана кайдыгерликке келишпөөчүлүк - бул өзүнө таандык жогорку эмоционалдык маданияты менен өзүнүн тарбиялануучуларын тарбиялоону билген мугалимдин педагогиялык устаттыгынын эң сонун белгилеринин бири болуп эсептелет. Чыныгы тарбиячы: жакшы болгула деп өзүнүн тарбиялануучуларына аз айтат. Анын кайрымдуу ак көңүлүн тарбиялануучулар анын терең, жүрөктөн чыккан чынчылдыгынан сезишет», — деп жазган, — советтик белгилүү педагог В. А. Сухомлинский.

В. А. Сухомлинскийдин мына ушул айтканында класс жетекчилерге тиешелүү болгон терең ой жатат. Ал мында тарбиячыдан педагогдук жогорку эмоционалдык маданиятты, балага карата ак көңүл, чынчыл, кайрымдуу болууну, билгич насаатчы болууну, ишмердүүлүктү жана башка жакшы сапаттарды талап кылып жатат. Ал практикада сыналган, турмуштан келип чыгып отурган талап. Ошондуктан тарбиячы, башкача айтканда класс жетекчи мына ушул талаптарды дайыма эсте тутуусу зарыл. [4,23]

Мектепте класстан тышкаркы иштерге да класс жетекчинан аткаруучу иштери арбын. Класстан тышкаркы окуу бул – өтө татаал, көп кырдуу система. Ал күнүмдүк (класстан тышкаркы окууну жетектөө), эпизоддук (окуу конференциялар, адабий кечелер, экскурсиялар), циклдык (кружоктор, чогулуп иш алып баруулар), иштерден турат. [5]

Заманбап билим берүү системасы ар бир окуучуга, анын ичинде таланттуу балдарга жекече мамиле жасоо зарылдыгын белгилейт. Алардын талантын ийгиликтүү аныктоо, колдоо жана өнүктүрүү мугалимдерден, анын ичинде класс жетекчилерден өзгөчө эмгекти талап кылат. Окуучулардын чыгармачылык потенциалын ачууга жардам берген класстан тышкаркы иштерди уюштуруу бул иштин маанилүү бөлүгү. Анда төмөнкү иш аракеттерди жүргүзүү абзел:

- Класс мугалиминин биринчи кадамы - жөндөмдүү окуучуларды аныктоо. Жөндөмдүүлүктүн белгилерин окуу ишмердигинде гана эмес, чыгармачылыкта, илимде, спортто жана башка чөйрөлөрдө да байкаш керек. Бул байкоо жүргүзүү, окуучулар жана алардын ата-энелери менен баарлашуу, мектепке жана класстан тышкаркы иштерге катышуу аркылуу ишке ашырылат, класс жетекчи предметтик мугалимдер менен активдүү иш алып барып, ар кыл тармакта өз талантын көрсөтө алган окуучуларды ыкчам аныктоого тийиш.
- Таланттуу окуучулар менен ийгиликтүү иштөө үчүн алардын ата-энелери менен өз ара аракеттенүү маанилүү болуп саналат. Класс жетекчиси ата-энелер менен активдүү байланышып, аларга балдардын жетишкендиктери жөнүндө маалымат берип, окуучулардын мындан аркы өнүгүүсүнө байланышкан ар кандай маселелерди биргелешип талкуулоо үчүн байланышты кармап турууга тийиш.
- Таланттуу балдар көбүнчө өз идеяларын айтуудан коркпоо жана көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдорун издөө үчүн мотивацияга жана колдоого муктаж болушат. Класс жетекчиси өз оюн эркин билдирүүгө, ар түрдүү идеяларды жана пикирлерди урматтоого шарт түзүп, коллективдин активдүүлүгүнө түрткү бериши керек.
- Таланттуу балдар менен ийгиликтүү иштөө үчүн башка предметтердин мугалимдери, психологдор жана башка класс жетекчилер менен баарлашуу зарыл. Бул таланттуу балдарды колдоо үчүн класстар аралык жана мектептер аралык конкурстарга, спорттук оюндарга жана башка коомдук иштерге катышууга түрткү берет.

Мектеп окуучуларында жаңы технологияны жакшы өздөштүргөндөр, көп китеп окуган, изденген окуучулар бар. Алар жаңы китеп, биздин өлкөдө жана чет өлкөлөрдө болуп

жаткан окуяларга байланыштуу суроолор менен кайрылуусу мүмкүн. Класс жетекчи мектеп окуучуларынын талаптарын канааттандырып, суроолоруна жооп берсе анын аларга болгон таасири күчөйт. Ошондуктан китепти көп окуу менен өзүн ар тараптан өнүктүрүп туруу максатка ылайык.

Мугалим жана класс жетекчилер физикалык жактан тартипке келтирүүдө эске алына турган нерселер:

Мугалим сабакты баштоодон мурун көздөн кечире турган абалдар:

- Класста жылуулук берүүчү, жарык берүүчү жана шамалдатуучу буюмдар дайыма даяр абалда турат.
- Класстын сыртынан угулуучу катуу үндөр угулбай тургандай кылынат.
- Класстын көлөмүнө жараша сандагы окуучу же окуучунун санына жараша класс тандалат.
- Класстагы куралдардын саны, сапаты колдонууга ыңгайлуулук жагынан даярдалат.
- Отурган жерден башка көрсөтүү, оюн ойнотуу үчүн жер бөлүнөт.
- Класста ар кандай кырсык учурунда качып чыгуу үчүн кошумча кирүү, чыгуу эшиктери окуучуларга көрсөтүлөт.
- Окуучулардын тизмеси жана алардын ар биринин өздүк маалыматы болот. Декмек, ушул аткарылуучу иштер көбүнчө класс жетекчиге таандык.[172,6]

Жыйынтыктап айтканда, мектептин класстагы тарбия ишинин ийгилигине чоң таасир этүүчү жетекчинин ролу чексиз маанилүү. Класс жетекчи — бул балдар үчүн гана мугалим эмес, ошондой эле насаатчы, тарбиячы жана уюштуруучу болуп саналат. Ал билим берүү процессинде өзгөчө милдеттерди аткарат: мектептин уставын жана мыйзамдарын жетекчиликке алуу, тартипти чыңдоо, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле социалдык жана психологиялык жагынан ар тараптан өнүктүрүүнү көздөйт. Балдарга туура тарбия берүүгө, кеңеш берүү жана адеп-ахлактык принциптерди үйрөтүү үчүн класс жетекчи элдик педагогиканы, кесибине тиешелүү адабияттарды окуп, изденип турuусу зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдувалиев И., Кадырмамбетов А., ж.б., Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, Биринчи бөлүк,- Б.: “Полиграфбумресурсы”, 2019.-800 б.
2. Айтибаева, А. А. Мектеп окуучуларына гумандуулук тарбия берүүдө класс жетекчинин ишмердүүлүк өзгөчөлүктөрү / А. А. Айтибаева, Н. К. Каныбекова, Ж. Ж. Заилова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2024. – No. 1. – P. 275-278. – DOI 10.26104/IVK.2024.84.30.062. – EDN KEUGSZ.
3. Акматов К., Абдыманап кызы А. Класс жетекчинин китеби. - Б., 2017. -176 б.
4. Эл агартуу, Издательтво Ала-Тоо, №5, Фрунзе,1980г.
5. Наркеева, А. А. Кыргыз адабияты сабагынан класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүнүн азыркы абалы / А. А. Наркеева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 359-366. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_359. – EDN INYYDN.
6. К.Акматов, котор.Т.Манас уулу, С.Камут кызы, Мыкты мугалим, Бишкек, 2016. 264б.